УДК:94(47)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-2-150-156

СЕЙТМУРАТОВА А.Ж., НУРЛАНБЕКОВ К.Н.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ, Баткен шаарындагы гуманитардык жана табигый-илимдер факультети
СЕЙТМУРАТОВА А.Ж., НУРЛАНБЕКОВ К.Н.
КНУ имени Жусупа Баласагына, Гуманитарно естественно-научный факультет в г. Баткен
СЕЙТМУРАТОВА А.Ж., НУРЛАНБЕКОВ К.Н.
KNU Jusup Balasagyn, Faculty of Humanities and Natural Sciences, Batken

“ XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ИСЛАМ ДИНИНИН КООМДУК ТУРМУШТАГЫ ОРДУ ЖАНА РОЛУ” 594 ТОМДУУ “ТҮРКСТАН ЖЫЙНАГЫНЫН МАТЕРИАЛДАРЫНЫН НЕГИЗИНДЕ”

«МЕСТО И РОЛЬ ИСЛАМА В ОБЩЕСТВЕННОЙ ЖИЗНИ КЫРГЫЗОВ В НАЧАЛЕ XX ВЕКА» ПО МАТЕРИАЛАМ “ТУРКЕСТАНСКОГО СОБРАНИЯ В 594 ТОМАХ”

“THE PLACE AND ROLE OF ISLAM IN THE PUBLIC LIFE OF THE KYRGYZ PEOPLE AT THE BEGINNING OF THE 20TH CENTURY” BASED ON THE MATERIALS OF TNE “594-VOLUME TURKECTAN COLLECTION”

Кыскача мүнөздөмө: Макалада Кыргызстандагы ислам динининн жайылуу процессинин көйгөйлөрү жана анын заманбап шарттардагы орду талданат. Ислам дини өлкөдө көп кылымдар бою коомдун ажырагыс бөлүгү болуп келгенине карабастан, бүгүнкү күндө радикализм жана экстремизм сыяктуу коркунучтардын пайда болушу менен бул диндин коомго тийгизген таасири кайрадан талкууга алынып жатат. Макалада ислам динининн Кыргызстандагы тарыхый өнүгүүсү, азыркы абалы жана анын өзгөчөлүктөрү иликтенип, радикалдашуунун алдын алуу жана диндин туура түшүнүгүн калыптандыруу боюнча сунуштар берилет. Изилдөөдө VIII кылымдан баштап азыркы мезгилге чейинки ислам динининн таралышынын негизги этаптары каралып, ар бир тарыхый мезгилдин өзгөчөлүктөрү талданат. Авторлор өлкөдө диндин жана мамлекеттик саясаттын ортосундагы кызматташтыкты күчөтүү, ошондой эле диний сабаттуулукту жогорулатуу аркылуу коомдогу туруктуулукту камсыздоо жолдорун сунуш кылышат. Изилдөөнүн негизги багыты диний билим берүү системасын өркүндөтүү жана жаштар арасында туура диний маалымдуулукту калыптандыруу болуп саналат.

Аннотация: В статье анализируются проблемы распространения ислама в Кыргызстане и его роль в современных условиях. Несмотря на то, что ислам является неотъемлемой частью общества на протяжении многих веков, в последнее время его влияние вновь обсуждается в связи с угрозами радикализма и экстремизма. Рассматривается историческое развитие ислама в Кыргызстане начиная с VIII века до настоящего времени, его текущее состояние и особенности, а также предлагаются рекомендации по предотвращению радикализации и формированию правильного понимания религии. В исследовании детально проанализированы основные этапы распространения ислама, включая период Караханидского каганата, эпоху Кокандского ханства, советский период и современный этап развития после обретения независимости. Авторы предлагают усилить сотрудничество между религиозной сферой и государственной политикой, а также повысить уровень религиозной грамотности для обеспечения общественной стабильности. Особое внимание уделяется вопросам совершенствования системы религиозного образования и

формирования правильной религиозной осведомленности среди молодежи, что является ключевым фактором предотвращения экстремистских проявлений в обществе.

Abstract: This article analyzes the issues related to the spread of Islam in Kyrgyzstan and its role in modern society. Although Islam has been an integral part of the country for centuries, its influence is being re-examined in light of recent concerns about radicalism and extremism. The article reviews the historical development of Islam in Kyrgyzstan from the 8th century to the present day, its current state, and its specific characteristics. The research provides detailed analysis of the main stages of Islamic spread, including the Karakhanid Khaganate period, the Kokand Khanate era, the Soviet period, and the contemporary stage of development following independence. It also offers recommendations on preventing radicalization and fostering a correct understanding of the religion. The authors suggest strengthening cooperation between religion and state policy and improving religious literacy to ensure societal stability. Special attention is paid to the improvement of the religious education system and the formation of proper religious awareness among youth, which is considered a key factor in preventing extremist manifestations in society.

Негизги сөздөр: Кыргызстан; ислам; радикализм; экстремизм; диний сабаттуулук; дин жана мамлекет; тарыхий өнүгүү; туруктуулук.

Ключевые слова: Кыргызстан; ислам; радикализм; экстремизм; религиозная грамотность; религия и государство; историческое развитие; стабильность.

Keywords: Kyrgyzstan; islam; radicalism; extremism; religious literacy; religion and state; historical development; stability.

Макаланын негизги максаты – Кыргызстанда исламдын таралышын жана коомдогу ордун илимий анализдөө аркылуу көйгөйдү түшүнүүгө жана аны чечүүгө багытталган сунуштарды берүү. Исламдын кыргыз элинин жашоосундагы тарыхый тамырларын түшүнүү, учурдагы көйгөйлөрдү аныктоо жана келечекте туруктуу коом куруу үчүн жаңы чечимдерди иштеп чыгуу бул изилдөөнүн негизги максаттарынын бири болуп саналат.

Ислам дини – дүйнө жүзүндө эң кеңири таралган жана таасирдүү диндердин бири. Анын өзгөчөлүгү жана тарыхый өнүгүү жолдору ар бир аймакта ар кандай формада калыптанып, коомдун маданий жана социалдык жашоосуна терең таасирин тийгизген. Кыргызстан үчүн да ислам динининн тарыхый мааниси өзгөчө. Мекенибизде ислам IX-X кылымдардан баштап тарала баштаган жана азыркы учурда ислам кыргыз элинин жашоосунда маанилүү роль ойнойт [1]. Бирок анын азыркы абалы жана коомдогу таасири ар түрдүү факторлордун таасири менен өзгөрүп жатат. Эгемендүүлүктөн кийин ислам дини кайрадан жанданып, көптөгөн кыргызстандыктар үчүн кайрадан руханий жана маданий жашоонун маанилүү бөлүгү болуп калды. Кыргызстанда мечиттердин саны өстү, диний билим берүү мекемелери түзүлдү жана көптөгөн адамдар динге кайтып жатышат.

Ошондой эле, ислам динининн жанданышы менен бирге, диний билимсиздиктен, экстремизмден жана радикализмден келип чыккан көйгөйлөр да пайда болууда. Кыргызстандын географиялык жайгашуусу жана тарыхый шарттары диндин өнүгүшүнө жана анын коомдогу ордуна чоң таасир этти. Мисалы, Орто Азиядагы башка мамлекеттер сыяктуу эле Кыргызстан да исламдын салттуу агымдарын кабыл алган, бирок ошол эле учурда акыркы жылдары башка, кээде экстремисттик багыттагы агымдар да өзүнүн таасирин күчөтүп келе жатат.

Кыргызстанда исламдын азыркы абалын жана анын коомдогу ордун илимий негизде түшүнүү өзгөчө мааниге ээ. Ислам динине байланыштуу талаш-тартыштар, диний сабатсыздык жана радикалдуу көз караштар элдин арасындагы социалдык биримдикке жана мамлекеттин туруктуулугуна коркунуч келтириши мүмкүн. Ошондуктан, бул макалада исламдын Кыргызстандагы тарыхый жана азыркы абалы, анын таралышы, коомго тийгизген таасири жана келечектеги ролу тууралуу маселелер каралат.

Кыргызстанда ислам дининин жайылышы бир нече баскычтан турган татаал жана узак процесс болгон. Тарыхый жактан алганда, ислам Орто Азиянын бардык бөлүктөрүндө сыяктуу эле, Кыргызстанга да IX-X кылымдарда келген. Түштүк аймактарында ислам диндин таасири күчтүү болуп, элдин маданиятына, каада-салтына, жашоо образдарына терең сиңген. Ал эми түндүк аймактарында исламдын жайылышы бир топ кечирээк башталып, айрым жерлерде көчмөн жашоодон улам башка диний системалар менен кошо жашаган учурлар да болгон [2].

Алгачкы жолу ислам бул аймакка VIII кылымда, 712-жылы Кутейба ибн Муслимдин жортуулу менен кирген. Ош шаары жана анын тегерегиндеги аймактар ислам дининин Борбордук Азиядагы маанилүү борборлорунун бири болуп калган. Өзгөчө ролду Оштун ислам динин жайылтуудагы мааниси белгиленет жана бул жөнүндө араб географы Аль-Мукадас жазып кеткен. Ислам дини Кыргызстанда Карлук каганаты учурунда (966-1137-жж.) расмий мамлекеттик дин катары кабыл алынып, Баласагун шаарын борбор катары пайдаланган [3].

Бул тарыхый мезгилде ислам дининин жайылышы менен катар, суфизмдин өзгөчө агымдары да Кыргызстанда калыптанып, эл арасында терең сиңген. Суфизм кыргыз элинин руханий маданиятына өзгөчө таасирин тийгизип, ислам дининин түшүнүгүн жумшак жана толеранттуу формада жайылтууга өбөлгө түзгөн. Суфий багыттагы окутуулар элдин арасында кеңири таралып, алардын жашоо образына, маданий каада-салтына жана дүйнө таанымына терең сиңген [12]. Суфизмдин Кыргызстандагы өзгөчөлүктөрү анын жергиликтүү элдик салттар менен айкалышуусунда көрүнөт, бул ислам дининин аймактык өзгөчөлүктөрүн түзүүгө алып келген.

Карахандар доорунда ислам дининин таасири кеңейип, мечиттер жана мусулман билим берүү мекемелери курулган. Бурана жана Өзгөн архитектуралык комплекстери бул доордун ислам архитектурасынын үлгүлөрү болуп саналат. Бул доор Борбордук Азияда исламдын гүлдөп өнүккөн мезгили болуп, кыргыз жеринде мусулмандар үчүн билим берүү системасы, анын ичинде башталгыч жана жогорку диний билим берүү институттары түзүлгөн. Бул мезгилдеги билим берүү системасы медреселерде уюшулуп, Куран, хадис, фикх жана башка ислам илимдери боюнча терең билим берилген. Мында окуган студенттер Борбордук Азиянын башка шаарларынан жана алыс өлкөлөрдөн келишип, Баласагын жана Өзгөн шаарлары ислам илиминин борборлоруна айланган.

XII кылымдан кийин, монголдордун чабуулу менен исламдын жайылышы басаңдаган. Бирок, Кокон хандыгынын доорунда, 1709-1876-жылдар аралыгында, ислам кайрадан Кыргызстанда активдүү жайыла баштаган. Бул мезгилде ислам мамлекеттин негизги идеологиясы болуп саналган. Царизмдин башкаруусу учурунда исламизация басаңдаганына карабастан, дин коомдо чоң роль ойной берген.

Кокон хандыгынын мезгилинде исламдын мамлекеттик деңгээлде колдоого алынышы диний инфраструктуранын өнүгүүсүнө алып келген. Бул доордо медреселердин саны көбөйүп, диний билим берүү системасы институционалдык түрдө бекемделген. Кокондун өзү гана эмес, өлкөнүн түштүк аймактарындагы шаарларда да көптөгөн билим берүү борборлору ачылып, ислам илимдерин окутуу системасы калыптанган. Мындан тышкары, бул мезгилде казылык системасы иштеп, шариат мыйзамдары коомдук мамилелерди жөнгө салууда маанилүү роль ойноп келген.

Совет доорунда (1917-1991-жж) аралыгында ислам дини чоң кысымга алынган, мечиттер жана диний билим берүү жайлары жабылып эле тим болбостон, динди кармангандарга кысым көрсөтүлүп ишеним менен намаз окугандарды, орозо кармагандарга тыюу салынган. Экинчи жагынан ишенимдегилерге жагымсыздык болсо да, булар өз ишенимдеринен тайбастан, тескерисинче, мамлекет үчүн жан дили менен кызмат кылууну алдыга милдет катары коюшуп, тазалыкты кармашып, чындыкты туу тутуп, бирөөнүн акысын жебестик, мамлекеттин мүлкүнө зыян келтирген эмес. Мыйзам алдында бардык советтик жарандар бирдей деп санашып, бир никелүүлүк салтка айланган. Коомдо укук коргоо органдарынын кызматкерлерин, ошондой эле билим берүү кызматкерлерин, өзгөчө мугалимдерди сыйлоо, урматтоо, алардын кадыр-баркына шек келтирбөө орун алган.

Совет доорунун диний саясаты атеизмди пропагандалоого жана диний институттарды алсыздатууга багытталгандыгына карабастан, ислам дини элдин турмушунан толук жок болгон жок. Көптөгөн мусулмандар өз ишенимдерин жашыруун сактап, үй-бүлө чөйрөсүндө диний каада-салттарды улантып келишкен. Бул мезгилде расмий эмес диний окутуу практикасы сакталып, билимдүү молдолор жана дин кызматчылары жаш муундарга ислам дининин негиздерин үйрөтүп келишкен [13]. Совет бийлигинин кысымына карабастан, эл ичинде диний маданият андан ары жашап, убакыт өткөн сайын кайра жандануюга даяр болгон.

Бирок, 1985-жылдары кайра куруу, маалымдуулук, тездетүү мезгилинде динге болгон мамиле жумшарып, Кыргызстанда динге болгон кызыгуу кайрадан жанданган. Эгемендүүлүк алгандан кийин, ислам дини өлкөдө кайрадан активдүү жайылып, бүгүнкү күндө Кыргызстанда ислам ар түрдүү этностук топтор тарабынан кеңири таанылган.

Советтик мезгилде дин мамлекеттен бөлүнүп, динди жарандардын жеке иши катары кароого аракет жасалган. Мечиттер жабылып, диний билим берүү токтотулган. Бирок 1991-жылы СССР кулагандан кийин, Кыргызстанда динге болгон кызыгуу кайрадан күчөп, өлкөдө дин тутуу эркиндиги орногондон тартып, исламдын кайрадан жандануусу байкалган. Бул процесс менен катар эле динди терең билбеген адамдардын көбөйүшү, радикалдык көз караштардын күчөшү сыяктуу маселелер да пайда болгон. Мечиттердин саны 1990-жылдардан тарта тездик менен өсө баштаган, ал эми диний билим берүү мекемелери – медреселер жана ислам университеттери ачылган [4].

Эгемендүүлүктөн кийинки мезгилде Кыргызстанда диний билим берүү системасын калыптандыруу маселелери актуалдуу болуп калды. Мамлекет жана коом диний билим берүүнүн туура багытын аныктоо, стандарттарды белгилөө жана сапатын камсыздоо көйгөйлөрү менен беттешти. Бул жагдайда диний окуу жайларынын программаларын иштеп чыгуу, мугалимдерди даярдоо жана эл аралык тажрыйбаны үйрөнүү зарылдыгы пайда болду [11]. Диний-исламдык билим берүүнүн калыптанышы тез гана өнүгүп, мамлекет тарабынан бул процессти көзөмөлгө алууга аракеттер жасалды.

Кыргызстандын Конституциясына ылайык, өлкө светтик мүнөздө болгонуна карабастан, ислам бүгүнкү күндө негизги дин болуп саналат жана Кыргызстанда тынч жана толеранттуу диний чөйрө түзүлгөн. Мамлекет мыйзамдары аркылуу диний эркиндикти камсыздоо менен бирге, экстремизм жана радикализмге каршы чараларды көрүүгө аракет кылат. Диний уюмдардын каттоосу, аларды көзөмөлдөө жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу боюнча мыйзамдар кабыл алынган. Ошол эле учурда мамлекет жарандардын дин тутуу эркиндигин сыйлоого жана диндер аралык толеранттуулукту колдоого умтулууда.

Бирок бул өсүш менен бирге эле коомдо динди туура эмес түшүнүү, билимсиздик жана айрым диний топтор тарабынан манипуляция кылынган учурлар да көбөйдү. Бул факторлор радикалдуу исламдык агымдардын Кыргызстандын айрым жерлеринде тарап кетишине шарт түздү. Өлкөнүн түштүк аймактарында айрыкча бул маселелер курч болуп чыкты, анткени бул аймакта дин социалдык жана маданий турмуштун өзөгүн түзөт. Радикалдашкан топтор коомдун ичинде бөлүнүп-жарылууга жана социалдык конфликттерге алып келиши мүмкүн экендиги эл аралык уюмдар тарабынан да белгиленип келет. Мисалы, эл аралык террордук уюмдар, анын ичинде "Ислам мамлекети" (ИГИЛ) сыяктуу уюмдар Кыргызстандын жарандарынын арасынан өздөрүнө тарапташтарды издеген учурлар катталган [5].

Заманбап Кыргызстанда ислам дининин ролу жана иденттүүлүк маселелери өзгөчө мааниге ээ болууда. Эгемендүүлүктөн кийин элдин өзүн-өзү таанууда диний фактор маанилүү орунду ээлей баштады. Көптөгөн кыргызстандыктар үчүн ислам бир гана диний ишеним эмес, ошондой эле улуттук жана маданий иденттүүлүктүн негизги элементи болуп калды [14]. Бирок бул процесс ар дайым оңой өтпөй, айрым учурларда иденттүүлүк кризиси менен коштолуп келет. Өлкөдө салттуу ислам, заманбап түшүнүктөр жана ааламдашуунун таасири ортосунда балансты табуу көйгөйү жаралууда.

Диний сабатсыздыктан улам, айрымдар радикалдык көз караштарга азгырылышы мүмкүн, анткени алар исламдын негизи болгон тынчтыкты, өз ара урматтоо жана ырайымдуулук принциптерин туура түшүнүшпөйт. Мунун натыйжасында, өлкөдө экстремизмге каршы чаралар көрүлүп, бул багытта мамлекет жана коом биргелешип иш алып баруу зарылчылыгы пайда болду. Кыргызстандын мамлекеттик саясатында да дин маселеси өзгөчө орунду ээлейт, анткени бул диний агымдардын таасирин азайтуу жана коомду туруктуулукта кармоо үчүн маанилүү болуп эсептелет.

Азыркы Кыргызстанда диний көп түрдүүлүк жана ар кандай агымдардын катышы байкалууда. Өлкөдө салттуу Ханафи мазхабынан тышкары, башка ислам агымдары да таралууда, анын ичинде салафизм, таблиг жана башка багыттар [15]. Бул диний көп түрдүүлүк бир жагынан коомдун плюралисттик мүнөзүн көрсөтсө, экинчи жагынан аларды координациялоо жана бийликтин көзөмөлү астында кармоо маселесин туудурат. Мамлекет диний агымдардын ортосунда диалогду өнүктүрүүгө, бирок ошол эле учурда экстремисттик көз караштарга каршы күрөшүүгө умтулууда.

Ошондой эле, диний билим берүүнүн деңгээли Кыргызстанда толук кандуу иштелип чыкпагандыктан, исламдын туура жана салттуу жолун түшүндүрүү боюнча иштер ар дайым эле жеткиликтүү жүргүзүлбөй келет. Көп учурда дин жаатында жаңыдан кызыккан жаштар туура диний маалымат ала албай, андан улам туура эмес агымдарга кирип кетишет. Мамлекеттик мекемелер жана диний уюмдар бул көйгөйдү чогуу чечип, туура диний билим берүү системасын иштеп чыгуу аркылуу экстремизмди алдын алуу керек.

Диний билим берүү системасын өркүндөтүү маселеси азыркы мезгилдеги эң актуалдуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Медреселерде окутуунун сапатын жогорулатуу, мугалимдердин квалификациясын көтөрүү, заманбап окутуу ыкмаларын киргизүү жана программаларды эл аралык стандарттарга ылайыкташтыруу зарыл болуп жатат. Бул чаралар диний билимдүүлүктү жогорулатуу менен бирге, радикалдык көз караштардын жайылышын алдын алууга салым кошот [11]. Кыргызстан Ислам университети, медреселер жана башка диний билим берүү мекемелери бул багытта маанилүү роль ойношот.

Кыргызстандагы ислам дининин таралышына байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн бир катар сунуштарды берүү зарыл. Биринчиден, диний сабаттуулукту жогорулатуу багытында мамлекеттик жана диний мекемелердин биргелешкен иш-аракеттерин күчөтүү керек. Бул үчүн өлкөдө исламдын салттуу жана тынчтыкка негизделген баалуулуктарын пропагандалоо, туура диний билим берүү системасын түзүү абзел. Азыркы учурдагы медреселердин жана ислам билим берүү борборлорунун программаларын кайра карап чыгып, аларды эл аралык стандарттарга ылайыкташтыруу менен, радикалдык идеяларга каршы туруу үчүн заманбап диний билим берүүнү өнүктүрүү зарыл. Бул демилгелерди ишке ашыруу менен исламдын чыныгы баалуулуктарын туура түшүндүрүү мүмкүнчүлүгү жогорулайт.

Экинчиден, радикализмдин алдын алуу максатында жаштарга өзгөчө көңүл буруу абдан маанилүү. Бул үчүн жаштарга багытталган социалдык программаларды иштеп чыгуу, алардын коомдогу активдүү жана позитивдүү мүчө болушуна шарт түзүү зарыл. Диний ишмердүүлүк жаштар арасында туура жолдо жүргүзүлүшү үчүн маданий жана билим берүү багытындагы иш-чаралар көбүрөөк уюштурулушу керек. Жаштардын эркин убактысын туура уюштуруу, аларга спорттук, маданий жана билим берүүчү мүмкүнчүлүктөрдү берүү экстремисттик идеяларга карата иммунитет түзүүгө жардам берет.

Мындан сырткары мамлекеттик органдардын экстремизмге жана радикализмге каршы чараларын күчөтүү керек. Бул багытта улуттук коопсуздук жана укук коргоо органдары менен диний мекемелердин тыгыз кызматташуусу талап кылынат. Радикалдык диний топтордун алдын алуу үчүн ар кандай чараларды көрүп, бул жаатта эл аралык тажрыйбаны үйрөнүп, колдонуу абзел. Мамлекет тарабынан диний экстремизмди криминализациялоо жана аны алдын алуу чараларын

ишке ашыруу менен бирге, айыптоо жана жазалоо эмес, профилактикалык иштерге басым жасоо зарыл.

Кыргызстанда ислам динин жайылтууда радикализмдин алдын алуу чаралары өтө маанилүү. Бул үчүн, мамлекет жана диний мекемелер тыгыз кызматташып, өлкөдөгү диний уюмдардын ишмердүүлүгүн көзөмөлгө алуу керек. Ошондой эле, исламды саясий инструмент катары колдонууга жол бербөө максатында мыйзамдык жактан чара көрүү абзел. Диний лидерлер жана мамлекеттик органдар арасында үзгүлтүксүз диалогду камсыз кылуу, жана эл аралык уюмдардын колдоосу менен бул багыттагы иш-аракеттерди күчөтүү маанилүү.

Диний лидерлердин ролу заманбап коомдо өзгөчө маанилүү экенин белгилеп кетүү керек. Алар элдин арасында диний билимдүүлүктү жайылтуу, туура түшүнүктөрдү калыптандыруу жана радикалдык көз караштарга каршы күрөшүүдө негизги роль ойношот. Мамлекет диний лидерлердин дараметин жогорулатуу, аларды үзгүлтүксүз окутуу жана колдоо программаларын иштеп чыгууга көңүл буруусу зарыл. Имамдардын жана башка диний кызматчылардын билимдүүлүгүн жогорулатуу, аларды теологиялык маселеден тышкары психология, социология жана коммуникация боюнча билимдер менен камсыздоо маанилүү.

Мындан тышкары Кыргызстандагы исламдын көп кырдуу тарыхын жана маданиятын изилдеп, аны коомчулукка кеңири жайылтуу дагы бир сунуш катары айтылышы мүмкүн. Диний толеранттуулукту жана эл аралык тажрыйбаларды камтыган илимий иштерди колдоо, исламдын улуттук өзгөчөлүктөрүн сактап калууга жана Кыргызстандагы диндер аралык диалогду өнүктүрүүгө чоң салым кошот. Диний сабаттуулукту жогорулатуу менен радикализмдин жана экстремизмдин алдын алуу иштери бир топ натыйжалуу болот.

Илимий изилдөөлөрдүн ролу бул процессте өзгөчө маанилүү. Кыргызстандагы исламдын тарыхын, өзгөчөлүктөрүн жана заманбап абалын үйрөнүү, анын социалдык, маданий жана саясий таасирин талдоо үчүн академиялык иш-чаралар жана изилдөөлөрдү колдоо керек. Университеттерде, изилдөө борборлорунда жана институттарда исламды изилдөө боюнча программаларды өркүндөтүү, жаш изилдөөчүлөрдү тартуу жана алардын иштерин жарыялоо мүмкүнчүлүктөрүн түзүү зарыл.

Кыргызстанда ислам дининин СССРдин (1917-1991) курамында солгундап кетишине жана "кайра куруу" мезгилинен баштап, исламдашуунун кайра жаралуусун кыскача сүрөттөп, талдоого алынды [7].

Изилдөөчү Атантаева Динара Турсункуловнанын эмгегинде «Кыргызстанда исламдын бекемделүү доору" деп аталып, ал XVIII кылымдан ушул күнгө чейин созулат да төмөнкү этаптардан турат: 1) Кокон хандыгы (1711-1876) мезгилинде исламдын Кыргызстандын аймактарында бекемделүү этабы; 2) ислам дининин Россия колониалдык доору мезгилиндеги абалы (XIX к. ортосунан XX кылымдын 20-жылдарына чейин); 3) исламдын Совет эпохасында төмөндөп кетиши (1917–1991-жж.); 4) исламдын Кыргызстандын эгемендик мезгилинде бекемделүү этабы (1991-жылдан XX к.башына чейин) деп так, даана изилденген [8].

Бүгүнкү күндө диндин таасири күч. Кыргызстанда 20-кылымдын экинчи жарымындагы этнодемографиялык процесстер республиканын калкынын турмушунда ислам дининин ролунун жана маанисинин өсүшүнө алып келди [9].

Дин фактору Кыргыз мамлекетинин коомдук баалуулуктардын өзөгүндө жайгашкан деп айтууга болот. Дин кыргыз коомунун саясий-коомдук жашоосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салган элементтердин бири экендигин белгилеп кетүү абзел. Кыргызстан коомдук-саясий турмуштун укуктук, атуулдук коом түзүүнү максат кылуу менен бирге динге либералдуу эркиндикти да тааныгууга келди [10].

Медиа жана маалымат технологияларынын ролу заманбап шарттарда диний маалымдуулукту жайылтууда өзгөчө мааниге ээ. Интернет, социалдык тармактар жана башка каражаттар аркылуу диний билимдерди жайылтуу, туура маалыматтарды берүү жана жаңылыш көз караштарга каршы туруу мүмкүн. Бирок ошол эле каражаттар радикалдык идеяларды жайылтуу үчүн да колдонулушу

мүмкүн. Ошондуктан диний маалыматтын сапатын көзөмөлдөө, туура булактарды колдоо жана медиа сабаттуулукту жогорулатуу зарыл.

Диндер аралык диалогду өркүндөтүү дагы бир маанилүү багыт болуп саналат. Кыргызстанда ислам негизги дин болгонуна карабастан, өлкөдө христиандык, буддизм жана башка диндердин өкүлдөрү да жашайт. Диндер аралык урматтоо, түшүнүшүү жана кызматташтык коомдук гармонияны сактоого жардам берет. Мамлекет жана коомдук уюмдар диндер аралык конференцияларды, семинарларды жана башка иш-чараларды уюштуруп, өз ара түшүнүшүүнү тереңдетүүгө көмөктөшүшү керек.

Эл аралык кызматташтык диний экстремизмге каршы күрөшүүдө маанилүү роль ойнойт. Кыргызстан эл аралык уюмдар, башка өлкөлөрдүн тажрыйбасы жана колдоосу менен өз саясатын өркүндөтүшү мүмкүн. Бул багытта билим алмашуу, биргелешкен изилдөөлөр жүргүзүү жана профилактикалык программаларды иштеп чыгуу боюнча кызматташтык маанилүү. Борбордук Азия өлкөлөрү менен диний маселелер боюнча тажрыйба алмашуу, биргелешкен чараларды көрүү аймактык туруктуулукту камсыздоого салым кошот.

Жалпысынан алганда Кыргызстанда исламдын таралышы жана анын коомдук турмушка тийгизген таасири тарыхый жана заманбап шарттарда өзгөчө мааниге ээ [11]. Бул изилдөөнүн алкагында, исламдын таралышынын тарыхый өнүгүшү, азыркы учурдагы көйгөйлөрү жана алардын чечүү жолдору талданып, анык сунуштар берилди. Эгерде диний билим берүүнү жакшыртуу, мамлекет менен диндин ортосундагы диалогду күчөтүү жана толеранттуулукту бекемдөө боюнча аракеттер көрүлсө, коомдогу диний туруксуздуктун деңгээли төмөндөйт жана социалдык гармонияны камсыз кылууга шарт түзүлөт.

Бул илимий макаланын жыйынтыгында диндин Кыргызстандын социалдык жана маданий турмушундагы маанисин тереңирээк түшүнүү жана ага негизделген саясатты калыптандыруу боюнча жаңы маалыматтар берилип, келечектеги иш-аракеттер үчүн практикалык багыттар сунушталды.

Колдонулган адабияттар

1. Урманов, Э. А. Ислам и кыргызы [Текст]. – Бишкек, 2001. – 156 б.
2. Валиханов, Ч. Ч. Собрание сочинений: в 5 т. Т. 2 [Текст]. – Алма-Ата, 1985. – 412 с.
3. Абазов, Р. Исламское возрождение в центральноазиатских новых независимых государствах [Текст] / Р. Абазов // Политические исследования. – 1995. – № 23. – С. 45–52.
4. Курбанова, Н. У. Религия в общественно-политической жизни Кыргызстана на рубеже XX–XXI вв. [Текст]. – Бишкек, 2009. – 180 с.
5. Госкомиссия по делам религии при Президенте КР. История религиозной культуры [Текст]. – Бишкек, 2016. – 127 с.
6. Грачева, В. Д. Религиозные аспекты этнополитических процессов в истории Кыргызстана [Текст] // Материалы научной школы. – Бишкек: КРСУ, 2013. – 242 с.
7. Осмонов, О. Ж. История Кыргызстана [Текст]. – Бишкек, 2003. – 196 с.
8. Артыков, Х. Х. Азыркы учурда коомубуздагы гендердик теңсиздик жана дин [Текст] / Х. Х. Артыков, С. М. Муратов // Известия вузов Кыргызстана. – 2012. – № 4. – Б. 228–233.
9. Атантаева, Д. Т. Кыргызстандын аймактарында исламдын таралуу тарыхы [Текст]. – Бишкек, 2019. – 234 б.
10. Алимов, А. П. Ислам динин Кыргызстандын саясий жана коомдук турмушундагы орду (тарыхый аспект) [Текст] / А. П. Алимов // Известия вузов Кыргызстана. – 2015. – № 8. – С. 89–94.
11. Шеров, Ш. Б. Формирование религиозно-исламского образования в Кыргызстане: состояние и проблемы [Текст] / Ш. Б. Шеров // Известия вузов Кыргызстана. – 2018. – № 4. – С. 119–122.

12. Тоголоков, А. М. Особенности суфизма в Кыргызстане [Текст] / А. М. Тоголоков // Известия вузов Кыргызстана. – 2011. – № 7. – С. 157–160.
13. Кадыров, Т. С. Кыргызстанда мамлекеттин динге болгон мамилеси жана тенденциялары [Текст] / Т. С. Кадыров // Известия вузов Кыргызстана. – 2016. – № 5. – Б. 78–82.
14. Малтабаров, Б. А. Проблемы идентичности и ислам в современном Кыргызстане [Текст] / Б. А. Малтабаров // Известия вузов Кыргызстана. – 2014. – № 2. – С. 180–182.
15. Канаев, А. Б. Современные разновидности религии в кыргызстанском обществе [Текст] / А. Б. Канаев // Известия вузов Кыргызстана. – 2010. – № 9. – С. 137–140.

Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, профессор Курбонов А.Д.